***Саргашкаев Ж.А.*** *- НМУ*

## *Этиштик маанилердин семасиологиялык классификациясы*

Этиш, грамматикалык категория катарында, кыргыз тил илиминин эң алгачкы пайда болушунан бери эле изилденип келе жатат. Азыркы кезде биз этиштин формалдык-морфологиялык жана синтаксистик өзгөчөлүктөрү боюнча көптөгөн изилдөөлөрдү билебиз.

Этиштик лексемалардын лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүн жана алардын сүйлөмдүн составында функцияланышын изилдөө азыркы лингвистиканын актуалдуу маселелеринин бири. Изилдөөчүлөрдүн көңүлүн өзгөчө этиштердин өз алдынча лексика-семантикалык группаларынын лексика-семантикалык касиеттери бураары кокусунан болбосо керек, анткени этиштик система “...кептин башка бардык өзүнчө мааниси бар бөлүктөрүнө караганда синкреттүүрөөк жана синтаксистүүрөөк” [1]. Этиштин так ушул өзгөчөлүгү анын семантикалык жана лексикалык касиеттерин изилдөөдө ар түрдүү теориялардын жана мектептердин чегинде бай традицияга ээ экендигин шарттайт.

Этиштик лексемалар кыймылды, абалды же процессти билдирет. Этиштик лексемалардын лексикалык маанисинин универсалдык касиети болуп, ар бир толук маанилүү этиштин потенциалдык синтагманы билдиргени эсептелет; ал эми белгилик ат маанилик планда өзүнүн маанисин түзөт:

1) белги түзүү актысында, берилген белгинин алып жүрүүчү номинациясында (субъекттин же объекттин);

2) кепте функциялануудa, ал кошумча такталып, конкреттештирилип, айкашуучу предметтик аттар менен чөйрө түзөт.

Семасиологиялык аныктоодо этиштик сөздөрдүн өтпөс мааниси таанууга мүмкүн болгон субъекттин жана таанылган башка түргө өтүүчү объекттин биримдиги жөнүндөгү диалектикалык-материалисттик тезиске ээ. “Объект - бизден сырткары жана биздин аң-сезимибизге көз карандысыз жашаган жана практикалык таасирди таануу предмети болуп эсептелет”. “Субъект – бул объективдүү дүйнөнүн закон ченемдүүлүктөрүн таанууч жана бул негизде аны кайра өзгөртүп куруучу адам”. Бул бири-бирине каршы туруучу эки сфера алардын биримдигинде этиштик аталыштар сыяктуу белгилик аталыштарды көрсөтө алышпайт [2].

Этиштик лексемалардын аталышы субъекттин же объекттин сферасына түздөн-түз ориентациясы менен жүрөт. Предметтик аталыштарга салыштырмалуу, этиштик лексемалардын мааниси эки бөлүмдөн: этиштин семантикасынан жана аныкталуучу мааниден түзүлөт.

Ошентип, тилдин универсалдуу өзгөчөлүгү болуп, эки негизги логика-грамматикалык категорияларды – субъект аракетинин сферасын жана объект аракетинин сферасын, грамматикалык же лексикалык каражаттар менен милдеттүү түшүндүрүү болуп эсептелет. Белгилик сөздүн бул же тигил сферага катышы жана семантикалык багыты, берилген этиштин маанилик же формалдык валенттүүлүгүн (айкалышын, бирге кошула алуучулугун) күн мурун белгилеп турат.

С. Д. Канцельсон “этиштик маселелерди чечүү” анализине тилдин мазмундук типология идеясынын негизинде караган. Предметтик дүйнөнүн, логикалык ойлоонун, прагматикалык жана лексикалык маанилердин категорияларынын тыгыз өз ара аракети

катарында, тилдик маанинин жаратылышын ачуу менен, Канцельсон предметтик аттардын предикаттары менен айкашуучу “предикат жана анын аргументи” байланыш катарында “предикандумдар менен предикат” логикалык формуласын кароону сунуштады, бул ага маанилик валенттүүлүктөрдү формалдык, б.а. этиштердин семантикалык (лексикалык) актанттарын, грамматикалык актанттардан бөлүүгө мүмүндүк берди. “Предикандум” деп, эреже катары предикаттардын жардамы менен зат атооч аркылуу түшүндүрүлгөн субстанционалдык (алгачкы маанилик) маанилердин эксплицирленишин жана ачылышын түшүнөбүз [3].

Тил илиминин тарыхында этиштерди алардын мааниси боюнча белгилүү бир класстарга жана топторго бөлүү бир нече жолу жүргүзүлүп келет. Мисалы, О. Есперсен жазгандай: “... этиштерди төмөндөгүдөй бөлүүгө болот: аракетти билдирүүчү *(жейт, дем алат, сүйлөйт),* процессти билдирүүчү *(туруу, өсүү, жоготуу, өлүү),* абалды билдирүүчү *(уктоо, калуу, күтүү, жашоо)* , кайсы бир класска киргизүүгө кыйын болгон этиштер да кездешет (*жек көрөт, жагынат*)... ” [3, 154].

Бул идея өзүнүн уландысын америкалык ойчул З. Вендлер сунуштаган семантикалык классификациядан тапты. Өзүнүн касиети боюнча предикаттар континуумду түзүшөт, алардын негизги ички түзүүчү параметри болуп тең салмактуулук жана динамикалуулук белгиси эсептелет. Мындай континуумда четки абалды убакытка максималдуу көз карандысыз туруктуу касеттердин жана абалдын аталыштары ээлейт. Мисалы, абалды билдирүүчү *ооруу, уктоо, жашоо* этиштери динамикалык этиштердин кеңири классына салыштырылат. Абалды билдирүүчү этиштерден айырмаланып, динамикалык этиштер стабилдүү ситуацияларды билдирбейт, жашоонун каалаган учурунда өздөрүнө-өздөрү окшош болот. Динамикалык ситуациялар же өзгөрүүнүн ар кандай түрүн (бир абалдан экинчи абалга өтүүнү), же абалды кармап туруу үчүн туруктуу энергиянын агымы зарыл болгон абалды билдирет. Мисалы, *кармап туруу, тиштеп туруу, кысып туруу, багуу, асыроо,алып жүрүү* ж.б.

Динамикалык этиштердин класстарынын ички салыштыруулары болуп, алардын процесстерге жана окуяларга бөлүнүшү эсептелет.Тилде окуя - көз ирмемде бир абалдан экинчи абалга өтүү түрүндө түшүндүрүлөт (*жарылып кетүү, жыгылып кетүү, секирип кетүү)*, ал эми процесс абалдын акырындык менен өзгөрүүсү болуп эсептелет (*иштөө, кыйкыруу*). Булардын ортосундагы айырмачылык убакыт факторуна тиешелүү.

Акырында, акыркы бөлүнүү процесстер классынын ичинде жүрөт. Процесстер алар сүрөттөп жаткан өзгөрүүлөрдүн өөрчүүсүнө жараша айырмаланат. Айрым учурда алар циклдик мүнөздү алып жүрөт (*жүгүрүү, чуркоо, ойноо*), башка учурларда алар белгилүү бир ырааттуулукка ээ багытталган өзгөрүүнү билдирет (*туруу →ордунан туруу →чыгып туруу, пьеса жазуу →ыр ойлоп чыгуу*). Биринчи түрдөгү процесстер - чексиз, экинчи түрдөгү процесс - чектүү болуп эсептелет. Белгилей кетчү көрүнүш, бул типтердин көпчүлүгүнүн чеги так эмес: абал акырындык менен чексиз процесстерге өтөт (*жаркырайт, ойлойт*) [4].

Ошентип, предикаттардын семантикалык классификациясын төмөндөгүдөй сүрөттөсөк болот.

А б а л → д и н а м и к а л ы к с и т у а ц и я

↓ ↓

П р о ц е с с окуя

↓ ↓

Ч е к с и з ч е к т ү ү

Академик В.В. Виноградовдун айтуусу боюнча “Этиш – тилдин эӊ татаал жана эӊ сыйымдуу грамматикалык категориясы болуу менен, сөздүн эӊ конструктивдүү категориясы боло алат” [5].

Жогорку функционалдык жүктөмгө ээ болуу менен этиш көп учурда эӊ маанилүү, негизги компоненттин ролунда чыгат жана ар кандай бирдиктер менен (сөздөр, сөздөрдүн группасы, сүйлөмдөр) менен тикеден-тике байланышка чыгат. Этиштик айкашууну изилдөөдө анын составына бир жагынан негизги сөз катарында этиш кирген жана ага түздөн-түз көз каранды болгон компоненттер менен этиштик айкашууну киргизсе, экинчи жагынан, сүйлөм структурасын изилдөөнү киргизет, себеби этиш ээ менен, сүйлөмдүн теӊ укуктуу мүчөсү катары айкашат.

***Адабияттар***


1. В*иноградов В. В.* Русский язык. (Грамматическое учение о слове). – 2-ое изд. – М.: Высш. школа, 1972. 613стр..
2. *Берестнев Г. И.* Самосознание личности в аспекте языка. // “Вопросы языкознания”, № 1, 2001, 139стр.
3. *Уфимцева А. А.* Лексическое значение. Принципы семасиологического описания языка. М.,1986, 141; 154стр.
4. *Плунгян В. А.* Общая морфология. Введение в проблематику. М., 2000, 247 стр.
5. *Виноградов В. В.* Русский язык. (Грамматическое учение о слове). – 2-ое изд. – М.: Высш. школа, 1972. 492стр.